УДК: 371.21:371, 4 (575.2) (04)
DOI 10.33514/1694-7851-2025-4/3-521-528

**Мурзаев Н.Т.**
педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
Nizamimurza58@gmail.com
**Канатбек кызы М.**
студент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ АЯЛДАРДЫН ОБРАЗДАРЫН ОКУТУУ АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫ ПАТРИОТТУУЛУККА ЖАНА ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮККӨ ТАРБИЯЛОО

**Аннотация.** «Манас» эпосунда эркектер менен кошо эле аялдар да катышып, душмандардан элди-жерди коргоп, бала төрөп, тарбиялап, тамак-аш даярдап, кийим тигип, дары-дармек менен да алек болушуп, өздөрүнүн чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүп, өстүрүп келишкен. Кыргыз аялдары турмуш- тиричиликте да өздүрүнүн өнөрлөрүн өзгөчө көрсөтө алган. Чыйырды, Каныкей, Айчүрөк сыяктуу каармандар ар кандай шартта чыгармачылык жөндөмүн көрсөтө алышкан жана кыргыз элине кылымдар бою үлгүлүү жашоону көрсөтүштү. Бул макалада жогоруда аты аталган үч аялдын ар кандай психологиялык шартта, турмуштук кырдаалдагы чыгармачылык ишмердүүлүктөрү жөнүндө сөз болот. Ободу, Манастын энеси Чыйырдынын, андан соң жары Каныкейдин образдарындагы чыгармачылык менен жасалган кадамдар ачылса, "Манас" эпосунун экинчи бөлүгү "Семетей" эпосунда Айчүрөктүн образы аркылуу аялдардын коомдогу орду, социалдык абалы, психологиялык мүнөзү, саясий күрөшү ачып көрсөтүлөт. Макалада бул каармандардын үчилтикте сюжеттик жактан кандай образга ээ, кандай аялдык өзгөчө сапаттарды карманышы, башка аял каармандардан айырмачылыгы, "татыктуу жар" катары эпосто кеңешчи, колдоочу катары алган орду, мекенди коргоого кошкон салымы, эл-жерди сүйгөн инсан катары жасаган иши, мекенчилдиги, эли-жерин коргогон баатырды тарбиялоо, аны сактоо, аны элге берүү маселелерине, сулуулугуна жарашкан акылмандыгына, кайратына, тапкычтыгына көңүл бурулду.

**Негизги сөздөр:** чыгармачылык, тапкычтык, акылмандык, кеңешчи, чечкиндүүлүк, сынчылык, чыдамкайлык, сулуулук, абийирдүүлүк, жайчылык, сыйкырчылык, тең укуктуулук, көрөгөчтүк, берилгендик, салт-санаа, сарамжалдуулук.

**Мурзаев Н.Т.**
кандидат педагогических наук, и.о. доцента
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек.
Nizamimurza58@gmail.com
**Канатбек кызы М.**
студент

Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

## ВОСПИТАНИЕ У УЧАЩИХСЯ ПАТРИОТИЗМА И ТВОРЧЕСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ПОСРЕДСТВОМ ОБУЧЕНИЯ ЖЕНСКИМ ОБРАЗАМ ЭПОСА "МАНАС"

**Аннотация.** В эпосе "Манас» участвуют как мужчины, так и женщины, защищая народ и землю от врагов, рожая и воспитывая детей, готовя пищу, шья одежду, занимаясь медициной, развивая и  свои творческие способности Кыргызские женщины смогли продемонстрировать свое мастерство и в быту. Такие герои, как Чыйырды, Каныкей, Айчурек, смогли проявить свои творческие способности в различных условиях жизни и показали кыргызскому народу образцовую жизнь на протяжении веков. В этой статье рассказывается о творческой деятельности трех вышеупомянутых женщин в различных психологических условиях, жизненных ситуациях. Во-первых, раскрываются творчески сделанные шаги в образах матери Манаса Чыйырды, а затем и жены Каныкея, а во второй части эпоса "Манас" раскрывается через образ Айчурека роль женщин в обществе, социальное положение, психологический характер, политическая борьба. В статье будет рассказано о том, какой сюжетный образ имеют эти персонажи в трилогии, какие женские особые качества они сохраняют, чем отличаются от других женских персонажей, место, которое они занимают в эпосе в качестве советчиков, покровителей, "достойных супругов", их вклад в защиту Родины, их работа как личности, любящей народ и землю, их патриотизм, воспитание героя, защищающего народ и землю, его сохранение, внимание было обращено на его элегантную мудрость, смелость, изобретательность.

**Ключевые слова:** творчество, изобретательность, мудрость, советник, решительность, критика, терпение, красота, добросовестность, медлительность, магия, равенство, дальновидность, верность, традиции, бережливость.

**T.M. Nizamidin**
Candidate of Pedagogical Sciences, Acting Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
Nizamimurza58@gmail.com
**M. Kanatbek kyzy**
student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## FOSTERING STUDENTS' PATRIOTISM AND CREATIVE ACTIVITY THROUGH TEACHING FEMALE CHARACTERS FROM THE EPIC MANAS

**Abstract.** Both men and women participate in the epic "Manas", protecting the people and the land from enemies, giving birth and raising children, cooking, sewing clothes, practicing medicine, developing their creative abilities. Kyrgyz women were able to demonstrate their skills in everyday life. Such heroes as Chyyyrdy, Kanykey, and Aychurek were able to show their creative abilities in various living conditions and showed the Kyrgyz people an exemplary life for centuries. This article

describes the creative activities of the three aforementioned women in various psychological conditions and life situations. Firstly, creatively made steps are revealed in the images of Manas's mother Chiyyrda, and then Kanykey's wife, and in the second part of the epic "Manas" the role of women in society, social status, psychological character, and political struggle is revealed through the image of Aychurek. The article will tell you about the plot image of these characters in the trilogy, what special feminine qualities they retain, how they differ from other female characters, the place they occupy in the epic as advisers, patrons, "worthy spouses", their contribution to the defense of the Motherland, their work as a loving person. the people and the land, their patriotism, the upbringing of a hero who protects the people and the land, its preservation, attention was paid to his elegant wisdom, courage, ingenuity.

**Keywords:** creativity, ingenuity, wisdom, advisor, determination, criticism, patience, beauty, conscientiousness, slowness, magic, equality, foresight, loyalty, traditions, thrift.

"Кыргыз элинин баатырдык эпосу болгон "Манас" эпосу дүйнө эпосторунун арасында көлөмү боюнча теңдеши жок чоңдугу менен айырмаланары талашсыз. Анын океандай терең, кенен мазмуну, кыргыз тоолорундай бийик ойлору, адамзат масштабын камтыган улуу рухий-ыймандык идеялары, гуманизмге сугарылган салт-жөрөлгөлөрү, эл жүрөгүндө, акыл-эсинде кылымдар бою жашаган, сакталган, улам өркүндөтүлгөн көркөм сөз каражаттарынын бермет-жакуттай кайталангыс суктанарлык үлгүлөрү менен да айырмаланат" [4, 569 б]. Эпостогу мына ушул суктанарлык чыгармачылыктын бир танабы аялдардын образдары, алардын чыгармачылыгы жөнүндөгү чыгармачылык.

"Манас" эпосунда зарлап жүрүп тапкан баласы тентек чыгып, бала кезден эле атасынын малын чачып жатканына кейиген Жакыпка Чыйырды мындай деп салмактуу кеп айтат: " Уулум тентек чыкты деп, абышкам, мынча муңайба, кайгырбагын малыңа, кайрат бергин балаңа, аман болсо Манасың, атамдан калган мураа деп, Кең-Кол, Талас жер табат, айланып кыргыз эл табат",- дейт [2, 69 б.]. Бул абышкасынын ачуусун басуу үчүн айтылган жөн эле сөз эмес. Баласынын кыргыз элин таап, жерин таап бара турган бала экенин даана сезип, өзү да ага дем болгону, абышкасын да баласына кайрат берүүсүн колдоп жатат. Азыркыча айтканда, калмактар баарын чаап алуу үчүн камданып, даярданып келе жаткан катаал убакта дем берип, мотив берип, акыл-эсин жыйып, күчүн топтоп, кайраттуу болууга, жаш балага дем-күч берип, баш-коз болууга үндөп турат. Керек болсо, улгайып калса да өзү да баласы үчүн жоого аттанууга даяр. Чыйырды баласы Манасты коркок, жалтак, жүүнү бош кылып тарбиялоодон корккон. Кыргызда кеп бар эмеспи " бала болсоң, шок бол, шок болбосоң, жок бол" деген. Чыйырды Манасты ушул усул менен тарбиялаган. Ошондуктан, "Калкайган тоого токтобос, кара ала барчын Манасым!"- деп эркелетип өстүргөн. Чыйырды душман менен ат жалында алышпаса да, кылыч кармап салышпаса да акылы менен, кайраты менен үлгү болгон. Манастын ишинин оңолушуна ар дайым тирек болгон.

Кийин, Манас өлгөндөн кийин анын уулу Семетейдин өмүрүн сактоо үчүн Каныкей менен бирге Букарга качып барганы улуу иш. Манастан айрылган Каныкей чынында өтө оор психологиялык абалда болгонун түшүнүү оңой эмес. Анын үстүнө ага жардам берүүгө милдеттүү кайын атасы Жакып баш болуп, кайнилери Абыке, Көбөш төш болуп аны талап, чаап алууга макул. Ал турмак алар Семетейди өлтүрүшмөк болушкан. Мындай учурда Каныкейди Чыйырды менен Бакай колдойт. Чыйырды баланы алып качып кетет. Каныкей Абыке, Көбөштүн келишин күтөт. Абыкеге турмушка чыкпасын билген алар Семетей жаткан бешикти бөлө чабышат, бирок анда күңдүн баласы болгон. Каныкейдин эмчегин Көбөш жара

чабат. Каныкей өлбөй калып, Чыйырды куткөн жерге араң барат. Бакай алар турган жерге эки ат, тамак-аш алып барып берип, аларды Букарга узатат. Букарга бараткан жолдо Каныкей өксүп ыйлаганда: "Ыйлабагын Каныкей, сыктабагын кулунум! Сынбасты уста жасабайт, өлбөстү кудай жаратпайт, өксөгөн менен менен айла жок, өкүрсөң айла табылбайт.Түгөнбөгөн дүйнөдөн түркүн-түркүн эл өткөн. Түбү толбос бул жерден, түрдүү-түрдүү шер өткөн, карасаң, толгон алп өткөн, ой Каныкей баш көтөр",-деп, Манас колдо деп чымды аңтарчы, ичинен кайнак суу чыкса, бек болор бекен боосу, белгиге төлгө салалык деп, кайрат берет [6, 62 б.]. Өзү улгайган кезинде, алыс жолдо чаалыгып келсе да, кайратынан жазбай кайрат айтып, келинине бел болот, дем болот. Ал өлөр өлгөнчө Каныкейге жардам берген улуу насаатчы, тарбиячы болгон. Анын ошол катаал мезгилде кайрат берген, сөз тапкан, татаал жолдо жол тапкан акылмандыгы турмуштун тоскоолдорунан алып чыккан чыгармачылыгы эмеспи.

Каныкейдин образы турмуштагы тоскоолдуктарга, эрдиктерге толтура. Анын акылмандыгы, сабырдуулугу, кайраты, тапкычтыгы, турмуштун шаңдуу да, каардуу да мезгилдеринде бирдей көсөмдүк менен жашашы, Манастын колуна кол, бутуна бут болушу, кыргыз элинин эркиндиги үчүн болгон. Манасты Көзкамандардан сактап калышы, даарылап айыктырышы, ар дайым кеңеш бериши, Бээжинге чоң казатка жөнөгөндөгү сарамжалы аялдардын ичинен чыккан эң мыкты образдардын бири экенин далилдейт. Көкөтөйдүн ашында Кошой балбан аргасыз Жолойго өзү чыгуу үчүн, кандагай шым издеген эпизод Каныкейдин алдын ала көрөгөчтүгүн, ашкере сарамжалын көрсөтөт. Кандагай шым Манаска ылайык тигилсе да, аны сөгүп жибергенде Кошой абасына ылайык болгонун, муну Каныкей алдын ала даярдаганын, ал даярдык чоң чыгармачылык менен болгонун айтпаса болбойт. "Манас" эпосунда тери кийимдери баатырларды көп жолу өлүмдөн сактайт, ургаачылардын узчулугун сындан өткөрөт, согушта жеңүүдө дал ушул кийимдер себепчи болуп берет. Алсак, кандагай шым чоюлса айрылбайт, бош турганда жайылбайт, "тартып көрсө чоюлат, коё берсе жыйылат".

Ошол кандагайды даярдоо үчүн Даңдуң-Баш деген жердин текесин алтымыш мерген барып, тнриге залал келтирбей, жалаң көзгө атып, кургатканда күнгө чалдырбай, кундуйтуп ак сандыкка каттырат: Ашаткысын эринбей, Аярлык менен Каныкей,
Жер челекке жаткырып,
Алма кабак алдырып,
Алты ай малма салдырып, [3, 208 б.], - деп өтө кылдат иштейт, андан соң алтымыш балбанга ийлетип, Каныкей бир жарым жыл иштеген, сиңдиси Арууке бир жарым ай тиштеген. Муну Манастан уккан Кошой балбан Каныкейге бата берген. Кандагай шымды, Манастын Аколпогун жана кырк чоронун жоо кийимдерин жасагандагы Каныкейдин эмгеги чыныгы чыгармачылык менен, сан миң түйшүк менен болот.

Каныкейдин Семетейге атасы Манас жөнүндө, айрыкча, атасынын мүрзөсү жөнүндө айтып бергени кызык. Атасынын мүрзөсүн каздыруу, ага башка жанга туйдурбай Манасты койдурууруу аземи, мүрзөнүн жасалгасы, андагы тартылган сүрөттөр жөнүндө аңгемеси өтө чоң чыгармачылык. Окуучуларга ушунун өзүн кайра айттыруу, ар түрдүү ыкмадагы сабактарды пайдалануу мыкты натыйжа берет.

"Манас" үчилтигинин экинчи бөлүгү болгон "Семетей" эпосунда Айчүрөктүн образы өзүнүн көркөмдүүлүгү жана терең маани-маңызы менен айырмаланат. Айчүрөк кыргыз аялзатынын сулуулугу, акылмандыгы, сабырдуулугу жана кайраттуулугунун символу.

«Семетей» эпосу «Манас» эпосун сюжеттик жактан улантып, Манастан калган жалгыз туякты аман-эсен эрезеге жеткирүү, андан ары өздөн чыккан душмандардын көзүн тазалоо өңдүү окуялар менен коштолот. «Семетей» эпосунун азыркы бизге жеткен варианты кыргыздын залкар манасчылары Саякбай Каралаевдин, Тыныбек Жапый уулунун жана дагы Жүңгө кыргыздарынын залкар манасчылары Жусуп Мамай менен Эшмат Мамбетжусуптун айтуулары боюнча да жазылган.

Эпосто көптөгөн аял образдары учкай сүрөттөлөт, бирок алардын ичинен Каныкей менен Айчүрөк эң терең жана жандуу ачылган. Айчүрөк башка аял каармандардан сулуулугу менен гана эмес, жан дүйнөсүнүн байлыгы, акылмандыгы жана мекенге берилгендиги жана кайраттуулугу менен айырмаланат. Айчүрөк кыргыз аялзатынын улуттук идеалы катары элестетилет. Ал аркылуу кыргыз элинин кыз-келиндерге койгон талаптары, аялдын үй-бүлөдө жана коомдо ээлеген орду көркөм сүрөттөлөт.

Эпостун бул бөлүмүндө ички жаңжал, чыр-чатактар көп болот. Ошол ички уруштун себепчиси, кудум Грektердин «Иллияда» эпосундагы Елена сулууну талашып, кандуу согуш жүргөндөй, Айчүрөктүн себебинен Семетей менен Чынкожо, Толтой согушуп, кийиинки аталган баатырлар каза болот [7, 125-129 б.].

Айчүрөк - Семетейдин жубайы, Оогандык Акунбешимдин кызы, Манастын келини, Сейтектин апасы. Айчүрөк атына-заты жарашкан ашкан сулуу деп айтылат. Айчүрөктүн сырткы келбети эпосто табигый көрүнүштөр аркылуу сүрөттөлөт. Анын жүзү айдай жарык, көзү жылдыздай жаркыраган, чачы кара булуттай деп сыпатталат. Мындай салыштыруулар аркылуу анын сулуулугу табияттын өзүндөй таза жана таасирдүү көрсөтүлгөн. Элестүү сүрөттөө Айчүрөктүн сырткы көркүн гана эмес, ички дүйнөсүнүн назиктигин да ачып берет.

Ачүрөк жөн гана сулуу, акылдуу болбостон өз тагдырын өзү чечкен, өзүн-өзү коргой алган, элге кызмат кылган татыктуу, сүйүүгө туруктуу жубайдын да үлгүсүн чагылдырат. Ал чечкиндүүлүк менен Семетейге экинчи аял болууну туура көрөт. Анын себеби эзелки кудалашуу салты деле эмес, а чынында ылайыктуу жар издеп жүрүп Семетейден башка эч ким көңүлүнө толбой, бир гана Семетейге ашык болот. Кийин Семетей жарадар болуп калганда ок тийген жерди аттап, окту түшүрөт. Бул дегени аялынын актыгы, ала жипти аттабагандыгынын белгиси катары саналган.

Анын мындан тышкары фантастикалуу касиеттерге ээ каарман экени да белгилүү. Манасчылар Айчүрөктүн түпкү тегин периге байланыштырат. Саякбай Каралаевдин вариантында Оогандын каны Акун перинин жаңы төрөлгөн кызын талаадан таап алып тарбиялагандыгы айтылат [6, 359-360 б.].

Алдам өзү билбесе,
Акундун кызы Чүрөктүн
Албан түрдүү сөзү бар.
Кечээ Белендинин белинде,
Пери ойногон жеринде,
Бешикте тапкан Акун кан
Куп уксак мындай кеби бар,
Курган Манас уулуна
Куда болгон чени бар [2, 359 .б].

Айчүрөктүн образын Манасчы төмөнкүдөй сүрөттөйт:

“Шекерди көр, сөзүн көр, Чолпонду көр, көзүн көр. Кара жерге кар жааса, карды көр да этин көр. Кар үстүнө кан тамса, канды көр да бетин көр.Жибекти көр чачын көр, алманы көр башын

көр. Шумданып айткан сөзү бар, олуя Чүрөк өзү бар” [6, 359 б]. Мындай көркөм сүрөттөө жазма адабияттын классиктеринен да табыла бербейт.

Айчүрөк арапча дуба окуп, жайчылык кылып, ар кандай жаныбарларга кубулушу көбүн эсе “Семетей” эпосунда берилет. Мисалы, С.Каралаевдин вариантында төмөнкүчө айтылат:

Жердин үстүн кыдырып,
Чынкожо менен Толтойдун
Кордугуна күйүнүп,
Аккуунун кебин кийинип,
Оогандан чыгып закымдап,
Канат ирмеп Айчүрөк
Чоң Кашкарга жакындап [6, 360 б.].

С.Каралаевдин вариянтында Акун хан сексен күн убакыт сурайт. Мына ошондо Айчүрөк Аккуу болуп кубулуп учуп жөнөйт. Кошой, Төштүк, Коңурбай сыяктуу алп баатырларды да, жаш баатырларды сынап өтөт.

Ал-каргышы ката кетпеген, «Тилинде сөөлү, тишинде мөөрү бар» – магиялык күчкө ээ адам [9, 214 б.]. Ал Чачыкейге топуракты дубалап, бетине чачып ийгенде тилден калып, сүйлөбөй жатып, талма менен ооруп калат [3, 13 б.]. Ушундай эле көрүнүш Кыяздын адамча кубулуп сүйлөгөн атынын да тилин бууп салган жеринде кезигет [8, 64 б.]. Мына ушуну билген Кыяз ар дайым Айчүрөктөн коркуп, айтканын кылган. Баатыр эрлерди сынап жүргөндө, анын кыз экенин билген кыраакы Коңурбай канаты бар аты менен артынан учуп кууганда, туман каптатып, алай-дүлөй кылып жамгыр жаадырып, күндү жайлап кутулат.

“Семетей” бөлүмүн окуп жатып Айчүрөктүн сынчылык жайын да байкоого болот. Мисалы, ал өзүнө жар издеген мезгилде дүйнөнү кыдырып бардык кандарды, алардын уулдарын, баатырларды ж.б сындан өткөзөт. Ал чынында “мага ылайык жар барбы” деген суроону коюу менен жер бетин кыдырды, аз жерден Коңурбайдын огунан өлүп кала жаздайт. Чынында Коңурбай анын купулуна толот. Бирок жашы өтүп калганы белгилейт. .

“Олуязаада кайын атамды мерт кылганы эп экен, калың кытай, манжуга чындыгында чеп экен. Жыйырма беш, отуздун ортосунда кезиксе, тийип алар эр экен” [7, 365 б.] деп айткан жери бар. Биздин элде сынчы деп аттарды сындаган, ырларды сындаган адамдарды айтып келишет, бирок эр жигиттин баатырдыгын сынап, аны менен жашап кетерине көзү жеткенде гана кыз макулдугун берген. Мына ошол ой Айчүрөктүн сынчылдыгы аркылуу берилип жатат. Бул нерсе көмүскөдө калган жашоо чындыгы. Психологдордун айтуусунда жигит өзүнө жубай издеймин дегени менен, макулдукту кыз берет, кыздын чечими менен гана бул маселе чечилет дешет. Мындай көрүнүш “Кожожаш” эпосунда Зулайканын жар издегени да далил боло алат.

“Манас” үчилтигиндеги Каныкей уз, сарамжалдуу, сабырдуу, кайраттуу, акылман, баатырдык сапаттарга ээ болсо, Айчүрөк ашкан сулуу, сыйкырчы, билимдүү, туруктуулуктун, тазалыктын символу.

Айчүрөк “Семетей” бөлүмүндө өтө чоң ролду ойнойт. Бул бөлүмдө Семетейдин сүйгөнү жана өмүрлүк жары катары сүрөттөлөт.

“Сейтек” бөлүмүндө Айчүрөк эне катары балага болгон сүйүү, мээрим, жана аны эрезеге жеткирүү, аны тарбиялоо, душмандан коргоо өңдүү окуялар менен берилет.

Айчүрөктүн да Каныкейдей алдын ала жүрөгү менен сезип билүүсү (көрөгөчтүгү), боло турган нерселерди алдын ала Семетейге айткан да жерлери бар. Семетей да атасы Манас сыяктуу кызуу кандуулукка алдырып, “катындыкы кеп бекен” деп укпай коёт. Мына ошонун кесепетинен кырсыкка кабылат.

Эл арасында “чачы узун, акылы кыска - аял” деп, патриархаттык негизде калыптанып калган эркек кишинин саясий чөйрөдө дагы, социалдык чөйрөдө дагы үстөмдүк кылышы аялдардын чечкиндүүлүгүн, аялдардын тең уктуулугун төмөндөткөн. Бирок күчтүү аялдын мындай нерселер эч качан жолун тоспогон.

Кыргыз аялзатынын ой чабытындагы идялдуу аялдын образын Айчүрөк аркылуу кандай берилет дегенде, Айчүрөктүн образында кыргыз эли аялзатына койгон эң жогорку талаптар чагылдырылган: сулуулук, акылмандык, туруктуулук жана кайраттуулук. Ал өзүнө улуттук каада-салтты, абийирди жана мекенчилдикти камтыйт. Айчүрөк аркылуу кыргыз элинин идеалдуу кыз-келин түшүнүгү көркөм формада берилген. Мисалы чечкиндүүлүк. Айчүрөктүн чечкиндүүлүгү Айчүрөктү Айчүрөк кылды десек болот. Демек, кыргыз аялзатында каалаган адамына турмушка чыгуу деген дээрлик арман болгон. Айчүрөк басып кирген жоого тартуу болуп, каалабаган адамга баш кошкусу келген жок. Өз сүйгөн адамына чечкиндүүлүк менен баш кошту.

Айчүрөк “Семетей” эпосундагы образдар системасында  негизги жана өзгөчө орунду ээлейт. Анын образы аркылуу сүйүү, берилгендик, акылмандык жана кайраттуулук идеялары даңазаланат. Айчүрөк кыргыз элинин рухий маданиятынын, улуттук баалуулуктардын тирүү символу болуп эсептелет. Бул образ кыргыз кыздары үчүн түбөлүк үлгү болуп калды жана эпостун түпкү идеясына чоң көрк кошуп турат.

“Сейтек” эпосундагы Сейтектин төрөлүшү, балалык чагы Айчүрөккө толгон-токой катаал шартта, сыноодо жашоону башынан өткөрүүгө туш кылат. Душманга аял болуп жашоодон оор кыйынчылык жок болсо керек. Сейтек төрөлөрдө шектенип жүргөн Кыяз “Эгер Айчүрөк уул төрөсө киндигин ууланган устара менен кесип, өлтүрүүгө жети сыйкырчы кемпирди  жөнөтөт. Муну Айчүрөк сезет. Алдын ала даярдык көрүп, аларга уу кошулган кымыз берип тынчытат. Бала чоңойгонго чейин күн сайын Кыяздан коргоого туура келет. Айчүрөккө күн сайын гана эмес, ар бир кирпик ирмемде да сак болуп жашоого туура келет. Мындай оор сыноону Айчүрөк гана көтөрөт. Сейтекти бир кишиге көргөзбөй,  кирдүү аяктан ичирбей, кирдүү кийим кийгизбей, канатттууга кактырбай, тумшуктууга чркутпай,  болот сарайдын ичинде багат. Мойнуна тумар тактырат, алдейлетип бактырат. Жетимдигин билгизбейт, жедигер тилин тилин тийгибейт. Эптеп багып баланы эрешен тартып эр кылды, эр уулу менен тең кылды. Сейтекти  Кыяздын арам оюнан далай жолу куткарат.

Туткунда кор болуп жүргөн Күлчорону бошотот, анын Канчоро кестирип салган далысындагы кечирин дарылатат, ден соолугун калыбына келтирет. Күлчоро менен Сейтекке акыл айтып, жол көрсөтүп, жардам берип, Кыязды жеңет.

Кыязды жеңүү оңой болбойт. Анын адамча сүйлөгөн Тоотору деген аты бар. Аны Кыяз жан адамга мингизбейт, жаттын колун тийгизбейт. Кыязды мас кылып туруп, малды карап келейин деп, Күлчоро менен кеткен Сейтекти алып келүү үчүн Тооторуну сурайт. Кыяз ага ат бербеймин деп ачвууланат, кийин кыялбай макул болот. Бирок ичинен өрт болуп, ары карап кыңкылдап, бери карап мыңкылдап атка өзү мингизет. Тоотору адамча сүйлөчү эле. Бул жолу ал тил бүтүп Кыязга: ”Сен катынды мага мингиздиң, аялга алдаттың, эми мени кайрылып минбейсиң, канатың кайрылды Кыяз”,- деп айтайын дегенин  Айчүрөк билип,  чач мончок менен маңдайга тартып, тилин байлап салат. Кыяз аты менен сүйлөшөм деп сүйлөшө албай уят болуп калат. “Саламат барып сак келгин”,- деген бойдон кела берет. Тоотору шамалдай сызып, Айчүрөктү жыгытмак болот. Өч алмак болуп катуу чуркайт, баш бербейт. Айчүрөк жандан түңүлүп, коркот да, ошол замат сыйкырлап тоодой болгон Тооторуну чобур кылып салат. Андан соң аяш ата Момунжанды, Карадөөнү, Күлчоро менен Сейтекти издеп табат.

Айчүрөк кеткенден кийин Кыяз жаман түш көрүп, Кылкүрөң деген атты минип , артынан издеп чыгып, жолдо Күлчорого жолугуп, анын колунан өлөт. Айчүрөк Тооторуну Манастын жолуна деп мууздап салат.

Кийинки окуя алардын Сейтекти Таласка алып келиши болот. Эл Канчоронун зордугун, кыяны тосуп көч алганын, эр өлтүрүп өч алганын айтат. Күлчоро Канчорого кирсе сөзүн укккусу келбейт. Канчоронун жумулган көзү ачылбайт, сунулган буту тартылбайт. Көк кенедей семирген. Күлчоронун ынтымак, бирдикте бололу деген сөздорүнө көңүл бурбайт. Кайра: “Кыязга Күлчоронун башын кыя чап десем, кыйбаптыр, эмкиче тирүү жүрөт”,- деп, кылычын алууга жүгүрөт. Айчүрөк үлгүрүп кирип келип, Актинтени Канчоронун жүрөгүнө уруп, тээп туруп тартып алып, аны өлтүрүү менен Манастын тукумуна кылган жамандыгынын өчүн алат. Бул жерден Айчүрөктүн баатырдыгын, чапсаңдыгын да көрөбүз.

Кийин Семетей баатыр табылат. Андан соң желмогуз уулу Сарыбай менен болгон согуштарда да Айчүрөк жигердүү катышат, акыл айтат. Сарыбай дөөнү Семетей, Күлчоро, Сейтек жеңе албаган соң, Айчүрөк досу Кайыпчал кызы Куялыны аккуу кебин кийип барып айтып келип, ошол жеңип берет. Мында да Айчүрөктүн тапкычтыгы, ак куу болуп уча алгандыгынын пайдасы тиет.

Эпостун соңунда акылман Бакай ата, акылман Каныкей эне, Эр Семетей, Күлчоро баатыр менен кошулуп айдай катын Айчүрөк да кайып болуп кетет. Кайып сапары деген – түбөлүк өлбөстүккө кетүү. Бул чыныгы улуу каармандарын эл өлүмгө кыйбаганынын, ар дайым сүйгөнүнүн, ардактаганынын, тирүү жүрөт деген ишениминин белгиси.

“Адамдын чыгармачылык ишмердүүлүгү адамдын өзүн жаратты, жашоо турмушун да кайра өзгөрттү жана ал улана берет. Чыгармачылык бул – жашоо. Адам баласынын жашоосунун бардык тармагында жашоо үчүн күрөш болуп турат жана боло бермек. Адам баласы эң алгач эмгек куралы катары ташты пайдаланганы да – чыгармачылык” [5,745 б.]. Чыйырды, Каныкей, Айчүрөк сыяктуу аялдардын ар биринин жашоо үчүн болгон күрөштөгү эмгектеринде чыгармачылык менен, тапкычтык менен жасаган мамилелери окуучуларды да чыгармачылык ишмердүүлүккө тарбиялайт

**Адабияттар:**


1. **Манас**: С. Орозбаковдун варианты: 3-китеп. – Фрунзе, 1981. – 208 б.
2. **Манас**: С. Каралаевдин варианты: 1-китеп. – Фрунзе: Кыргызстан, 1984. – 248 б.
3. **Манас**: энциклопедия. – Бишкек, 1995. – 64 б.
4. Мурзаев, Н. Т. Ааламдашуу доорунда жаштарыбыз «Манас» эпосун эмне үчүн окуп-үйрөнүшү керек? // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2025. – № 2. – С. 569–576.
5. Мурзаев, Н. Т. Кыргыз адабияты сабагында окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өркүндөтүү // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2025. – № 1. – С. 739–745.
6. **Семетей**: эпос / Саякбай Каралаевдин айтуусу боюнча: 1-китеп. – Фрунзе: Кыргызстан, 1987. – 945 б.
7. **Семетей**: эпос / Саякбай Каралаевдин айтуусу боюнча: 2-китеп. – Фрунзе: Адабият, 1989. – 344 б.
8. **Сейтек**: эпос / Саякбай Каралаевдин айтуусу боюнча. – Фрунзе: Адабият, 1991. – 352 б.
9. Токтобүбү Ысак кызы. Жүңгө кыргыздарында «Семетей» эпосунун мазмун-курамалык өзгөчөлүгү. – Бишкек, 2010. – (беттери көрсөтүлбөгөн).

**Рецензент: филология илимдеринин доктору, профессор Эгембердиева А.А.**